УДК 37

Алымбаева Б.Б., Сабырова Э.С.
*Кыргыз билим берүү академиясы,*
*К. Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университети*

# ҮЙ-БҮЛӨДӨГҮ КААДА-САЛТ, ҮРП-АДАТТАРДЫН БАЛДАРГА ТИЙГИЗГЕН ТААСИРИ

*Бул макалада авторлор үй-бүлөнүн коом үчүн, мамлекет үчүн мааниси чоң экендигин белгилешет. Үй-бүлөдөгү тарбиялоо көйгөйлөрү, анын мектеп менен байланыш маселелеринин ар кыл аспектилери педагогдордун, психологдордун жана философтордун көңүл борборунда турары жөнүндө айтылып келүүдө. Жаш муундарды тарбиялоодогу бул көйгөйлөрдү ар тараптан талдоо, иликтеп үйрөнүү мамлекет тарабынан коюлган тапшырмалар жана талаптар менен ажырагыс байланышта экендиги каралган.*

*В данной статье авторы отмечают высокую значимость семьи в жизни общества и государства. Вместе с этим в центре внимания педагогов, психологов и философов стоят разные аспекты и задачи воспитания в семье и их взаимосвязь со школой. Рассмотрены также задачи воспитания молодого поколения посредством анализа и исследований с разных углов, которые неразрывно связаны с задачами и требованиями государства.*

*In this article authors point the family significance in community and state life. In light of these facts the main focus of pedagogics, psychologists and philosophers attached to different aspects and tasks of the family and school partnership. In addition the authors investigated the tasks of child rearing and educating by conducting analysis and research that are connected to the requirements of the state.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *таалим-тарбия, үй-бүлө, коомдук статус, баланы тарбиялоо, адептик норма, адат, жүрүм-турум, инсан билим берүү.*

***Ключевые слова:*** *обучение, воспитание, семья, общественный статус, воспитание ребёнка, норма воспитанности, поведение, личность, обучение.*

***Key words:*** *upbringing, care, family, social status, morality, courtesy, ethical standards, behavior, education.*

Окуучулардын аң-сезиминде мектеп курагынан баштап эле улуттук баалуулуктардын калыптануусу билим берүү, окутуп тарбиялоо процесси аркылуу жүргүзүлсө, андай тарбия үй-бүлөлүк, адеп-ахлактык, гумандуу, эстетикалык парзда жүргүзүлсө, ошону менен бирге элдин кылымдар бою калыптанып келген таасир этүү, тарбия берүү нормаларынын алкагында жүргүзүлсө – мына ошону биз элдик каада-салт, үрп-адаттар аркылуу тарбия берүү деп түшүнөбүз [5]. Анан, албетте, андай тарбия баланын ар тараптан гармониялуу өнүгүшүнө ылайыкталгандай болушу шарт. Каада-салт - бир муундан экинчисине тынымсыз берилип туруучу кылымдар бою тарыхый жактан такшалган, текшерилген, калыпка салынган социалдык нормалар менен принциптер. Үрп-адаттар – тигил же бул элге, этноско, улутка тиешелүү болгон тарыхый жол менен калыптанган, бир калыпта кайталанып туруучу туруктуу система, ал коомдун ар бир мүчөсүнүн өз ара карым-катышын тескеп турган социалдык норма түрүндө жашайт да, инсандын негизги руханий адеп-ахлактык касиет-белгилерин калыптандырат, мындай процесс элдин карманган моралдык баалуулуктарына, ишенимдери менен түшүнүктөрүнө жана кулк-мүнөзүнө, идеалдарына ылайык келиши керек.

Турмуш куруу - ар бир адамдын ыйык милдети! Анткени адамзат баласы турмуш курган жубайлар аркылуу жарык дүйнөгө келет, тукум улап көбөйөт. Үй-бүлө - адам жашоосу үчүн негизги ыңгайлуу шарт. Үй-бүлө болбой эл да, мамлекет да болушу мүмкүн эмес.

***Үй-бүлө*** бул турмушта жашоонун эреже жолдорун өздөштүрүп билүүгө, келечек жөнүндө маани берип терең ойлонууга үй-бүлө күтүп, очор-бачар жашоого окуучуларды

азыртан даярдана жүрүүгө үндөйт.

Үй-бүлө куруп, бактылуу өмүр сүрүү, тукум улап, адамзаттын учугун улоо – бул ар бир адамдын башкы максаты. Демек, жарыкчылыкка келген ар бир кыз же жигиттин келечеги үй-бүлө менен. Анткени ар бир ымыркай үй-бүлөдө жаралып, үй-бүлөдө азыктанып, үй-бүлөдө чоңоюп жетилет. Бойго жеткен кыз үй-бүлөдөн турмушка чыгып, эр жеткен уул үй-бүлөдө үйлөнүп-жайланып, үй-бүлө курат. Турмуш, мына ошентип, үй-бүлө менен улана берет.

*Үй* – иштеп пайда тап, тапканыңды чогулт, ташып келип үй, киреше киргиз, камбыл бол, келечегиңе, жашооңо гүл азык топто. Балдарыңа мурас калтырууга кам көр.

*Бүлө* - тапкан кирешеңдин үстүнө дагы киреше киргиз. Аны бири-бирине бүлөп курчутуп көбөйт. Өз турмушуңду өз алдыңча улап кет деген мааниде.

*Үй-бүлө улуу-кичүүнүн мамилесин калыптандырат:* Бала үй-бүлөдө төрөлүп өсөт. Ата-эненин тарбиясын алат. Ал чоңоюп жетилгенге чейин ата-эненин мээримине, багуусуна, коргоосуна муктаж. Үй-бүлө гана бала менен ата-энени жакындатат, улуу-кичүү мамилесин калыптандырат, урмат-сый эмне экенин билдирет, ынтымактуу жашоого жана турмуш сырларын үйрөнүүгө ыңгайлуу шарт түзөт. Үй-бүлө гана баланын толук кандуу жетилүүсүнө өбөлгө болуп, адамгерчиликтүү сапаттарга тарбиялай алат.

*Үй-бүлө* - бул ынтымактын, тынчтыктын, берекенин башаты. Үй-бүлө өз мүчөлөрүн ысык-суруктан жана сырткы карама-каршылыктардан коргойт.

Кыргыз элинин элдик педагогикасынын жемиши катары бала тарбиялоонун өрнөктүү эрежелери бүгүнкү күнгө чейин колдонулуп келет [1, 5]. Анда үй-бүлөнүн ар бир мүчөсүнүн орду так көрсөтүлгөн. Мисалы: Ата - үйдүн ээси, үй-бүлө башчысы. Ал эми эне болсо, анын кеңешчиси, үйдүн куту. Бала – ата-эненин өбөк-жөлөгү. Атасыз үй таянычы жок, жетим сыяктуу. Ал эми энесиз үй суз, куту качкан берекеси кеткен көрүнүшкө ээ. Баласыз үй – мазар. Демек, үй-бүлөнүн мааниси бүтүндүктө.

Балдарды тарбиялоону бак өстүрүүгө салыштырууга болот. Бакчы жер айдайт, сугарат, жерди семиртип, отоо чөптөрдү жулуп турат. Ошондой эле зыяндуу курт-кумурскаларды жок кылат. Ал эми бак өсө баштаганда, түз өсүшү үчүн аны бутап турат. Бакчы ушулардын баарын кылуу зарыл экенин билет. Ата-энелер да балдарына дайыма кам көрөт. Бирок кээде балдарды оңдоп-түзөп туруу, мындайча айтканда, жаман жактарын кеч боло электе кесип, бутап, баланы туура багытка салып туруу керек болот. Этияттап бутабаса, бак катуу жабыркап калышы мүмкүн болгондой эле, балдарды да сүйүү менен тарбиялабаса, жабыркап калышы ыктымал.

*Эне тарбиясы.* Элдик педагогиканын баалуу мурастарына кайрылсак, ата-бабалар бизге бала тарбиялоонун көөнөргүс рухий–адептик эң сонун үлгүлөрүн калтырып кеткен экен. Мында бала төрөлгөн күндөн баштап эле тарбия иши энелердин энчисине берилген. Эне өз баласына жылуу мээримин төгүп, ийкемдүү көндүм адаттарга тарбиялаган. Эненин колунан тарбия көргөн балдар чынчыл, сылык, кичипейил, элпек, боорукер жана камбыл болуп өскөн. Мындай балдар үй-бүлөнүн ишенимдүү жардамчысы боло алышкан. Мисалы: кыз бала эненин жеңилин жерден, оорун колдон алып, үй ичинин тазалыгын сактап, идиш-аяк кармап, тамак-аш жасаганга көмөктөшсө, эркек бала эненин да, атанын да ишине жардам берип, алардын өйдө чыкса өбөгү, ылдый түшсө жөлөгү болуп, чоң милдет аткарган. Балдарды тарбиялоого көп күч катышат. Үй-бүлө – бул маданияттын булагы, жашоонун, бар болуунун чөйрөсү. Үй-бүлөдөгү эң чебер жана акылман – бул эне. “Аял - үйдүн куту, турмуштун туткасы”, - деп бекеринен айтылбаса керек. Анткени баланы үй-бүлөдө тарбиялоодо (өзгөчө, кыз баланы) эненин эмгеги, түйшүгү абдан зор. Себеби бала жарык дүйнөгө келип, көзүн ачканда эң биринчи энесин көрөт, энеси менен таанышат, андан кийин энеси аркылуу айлана-чөйрө менен, курчап турган дүйнө жана башкалар менен таанышат жана таанып билип, сүйлөшөт. Эненин баланы тарбиялоодогу ролу оозеки

чыгармаларыбызда да чагылдырылган. Мисалы, Каныкейдин энелик жана тарбиячылык ишмердүүлүгү Семетейди суук көздөн сактап, шумкардай таптап, ата-бабаларынын баатырдык салтында чебер тарбиялай алгандыгы менен түшүндүрүлөт.

*Ата тарбиясы эмне үчүн керек?* Эркек балдар үчүн жалаң эненин тарбиясы жетишсиз болгон. Эркек балага эне адебин үйрөнүп, жүрүм-турум эрежелерин өздөштүрүүдөн тышкары да "эл четинде жоо бетинде" өзүн татыктуу алып жүрүү үчүн атанын тарбиясын алуу зарылдыгы келип чыккан.

Аталар эркек балдарды Ата-Мекенди, элди, Ата-Журтту жана туулган жерди баалоого, көздүн карегиндей сактоого, коргоого, эч кимге тепсетпөөгө, ошондой эле эрдик жаратууга үйрөткөн. Ата тарбиясын алган бала эрктүүлүккө, кайраттуулукка, чыдамкайлыкка, тайманбастыкка үйрөнүп, ат үстүндө чапчаң, шамдагай, ыкчам жүрө билүүгө, айткан сөз, берген убадага бек болууга тарбияланган. Эркек бала атанын жүрүм-турумун, баскан-турганын өзүнүн жашоосундагы эң негизги курал катары кармайт экен. Бала мээримди атадан да күтөт. Атанын балага тийгизген мээрими, таасири эненикинен айырмаланып турат.

Аталар өз балдарын Ата-Журт үчүн өз өмүрүн да аябоого, туулган жердин топурагын, караанын баалоого үйрөткөн. Чындыгында эле, ата тарбиясы эркек бала үчүн аба менен суудай эле зарыл экендигин азыркы коомдук турмуш да далилдеп койду. Ал эми акыркы жылдары мамлекет тарабынан тарбиялык маселелерге жетиштүү көңүл бурулбагандыктан улам билим берүү тармагында эркек мугалимдердин өтө азайып кетиши эркек балдардын тарбиясынын солгундап кетишине жол берип, коомдо терс көрүнүштөрдү жаратты.

Кыргыз элинде баланы тарбиялоо үй-бүлөдө балага жашоо тиричиликтин негизин түзгөн көндүмдөрдү үйрөтүүдөн башталат. Алсак, балдар өтө жаш кезинен баштап өз убагында жатып уктоого, эртең менен өз убагында туруп жуунууга, өзүнө тиешелүү буюмдарын таза сактоого, улуулардын айткандарын аткарып турмуш-тиричиликке аралашууга, өзүнөн улууларга сый-урмат менен мамиле жасоого үйрөтөт. Үй-бүлө бала өзү жашаган элдин, улуттун каада-салтын, үрп-адаттарын, жашоо образын, баарлашуу, ишмердик өзгөчөлүктөрүн ж.б. үйрөнүү аркылуу инсан жана ошол элдин уулу катары жетиле баштайт.

Үй-бүлө өзүнүн мүчөлөрүнө коомдук аң-сезимди, өз элинин ыймандык-адептик эрежелерин, жүрүм-турум адаттарын, стереотиптерин жеткирүүнү, өз мүчөлөрүн тарбиялоону, үй-бүлөдө өз ара мамилелешүү салттарын улуу муундун кичи муунга үйрөтүүсүн, ыймандык-рухий тарбия берүүсүн ишке ашырат.

Үй-бүлөдө тарбиялоо бир жактуу процесс эмес, эки жактуу процесс, ата-эне балага гана тарбиялык таасир этпестен, балдар да ата-энесине тарбиялык таасир этип аларды өзгөртөт. Эң башкысы бала үй-бүлөдөн алган тажрыйбаларын, жүрүм-турум көндүмдөрүн коомдун бүт башка чөйрөсүндө (коомдо, бала бакчада, мектепте ж.б.) колдоно алат жана үй-бүлөдөн үйрөнгөн билимдери, билгичтиктери ж.б. баланын кийинки топторго кирүүсүнө негиз болот.

Ар бир куракта баланын үй-бүлөдөгү орду, ролу ж.б. өзгөрүп турат жана ошолорго жараша анын тарбиясы да өзгөчөлүктөргө ээ болот [4, 7]. Мисалы, өспүрүмдөрдүн калыптануусунда үй-бүлөнүн ролу өзгөчө. Бул куракта баланын үй-бүлөдөгү орду, ролу өзгөрүп, жоопкерчилиги артып, үй-бүлө тиричилигине кол кабыш кылып тарбияланат, жетилет. Кыргыз үй-бүлөсүндө эң башкысы өспүрүмдөрдө жүрүм-турум нормаларын үйрөтүүгө жана аны нарк-насил, баалуулук катары тутунуусун тарбиялоого өзгөчө көңүл бурулат; өспүрүмдөр үй-бүлө тиричилигине байланыштуу жумуштарды аткарып, эмгекке аралашып жүрүп адамдар менен мамилелешүүнү үйрөнүшөт, эрте жашынан жоопкерчилик сезими калыптандырылат.

Эми тарыхый өңүттөн кыргыз элинин үй-бүлө институтунун өзгөчөлүктөрүнө токтоло кетели:

1. Көчмөндүк турмушта үй-бүлө коомдун тиреги, эң негизги өзөгү катары каралган. Кыргыз үй-бүлөсүндө баланы жаратуу жана ага татыктуу тарбия берүү эң негизги маселе болуп саналган, б.а., кыргыздарда үй-бүлө мамилеси баланын кызыкчылыгына баш ийдирилген (“Балалуу үй - базар, баласыз үй - мазар” деген макал кыргыздар үчүн бала жашоодогу өтө чоң дөөлөт экендигин көрсөтөт). Коомдогу бүт турмуштун жөнгө салынуусунда үй-бүлөнүн ролу чоң болгон.

2. Кыргыздарда үй-бүлө мамилеси уруулук-патриархалдык мезгилде калыптангандыктан, үй-бүлөнү эркек башкарган. Үй-бүлөнүн бүт мүчөлөрү атанын айтканы менен болуп, балдар атанын сөзүн эки кылбай, атанын айтканын айткандай аткаруу салты калыптанган. Бул салт кыргыздарда бири-бирин угууну, айтылган кеп-кеңешке жараша жүрүм-турум, аракет жасоону, жаш муундардын тил алчаак болуп калыптанышын шарттаган.

Кыргыздарда ар бир үй-бүлө эң чоң чөйрө болгон коомдун, уруунун эң кичине бирдиги болуп эсептелинген жана үй-бүлөнү ата башкарган, үйлөнгөн уул бөлүнө электе өзүнүн балдарына ата болгон мезгилде да өзү түтүндүн башчысы болуп эсептелген эмес. Анткени бүтүндөй маселелерди: тиричиликке керектүү чарбаны уюштуруу маселесин, өз ара мамиледеги нормаларды, укуктарды жана милдеттерди атасы өзү чечкен. Уул энчиге ата-энесинен мал-мүлк бөлүп алганда гана өзүнүн үй-бүлөсүнүн атынан эл алдында сүйлөөгө укуктуу болгон жана өзүнүн короо малын көбөйтүүнүн камын көргөн. Атанын мал-мүлкү бөлүнө элек мезгилде үй-бүлөлүк үйүр чогуу болгон. Мында балдар мал чарба иштерине кол кабыш кылышкан, өздөрүнүн көндүмдөрүн ашырышкан, ал эми кыздар болсо аял затынын милдеттерин өздөштүрүшкөн. Балдарды жеке чарбачылыкка бөлгөнгө чейинки чыгымдар атанын мойнунда болгон.

3. Үй-бүлөдө ролдорду бөлүштүрүү жыныска жана куракка жараша жүрүп, үй-бүлөдөгү эркек менен аялдын ордун өзгөчөлөнтүп турат. Кыргыз үй-бүлөсүндө аял-эркектин аткарган ролдору да өзгөчөлүктөргө ээ. Эркек үйдүн тыш иштерине: үй-бүлөнүн чарбасын жүргүзүү, үй-бүлөнү багуу, коргоо, тамак-аш менен кийим кече менен камсыз кылуу сыяктуу иштерге жоопту болгон, аял болсо үй ичиндеги иштерге: үйдүн тазалыгы, тамак-ашты өз убагында даярдоо, балдарга кам көрүү. Кыргыз элинде аял үй тиричилигинде көптөгөн милдеттерди аткарган (бала тарбиялоо, үй-иши). Аял үйдүн куту, коломтонун отун өчүрбөй турган адам катары бааланган.

Үй-бүлөдө атанын жана эненин балага таасир этүүлөрү айырмачылыктарга ээ. Ата үчүн баласын ээрчитип жүрүп эл-жер таанытуу, өзү билгендерди үйрөтүү болсо, эне үчүн балдарынын ички дүйнөсүн өстүрүүгө көп көңүл буруу маанилүү болгон. Натыйжада, баланын ички дүйнөсү өсүп жетилген жана балада өзүн урматтоо, сыйлоо сезимдери калыптандырылган.

Кыргыз үй-бүлөсүндө инсанды тарбиялоодо анын ишке ашуусунун улуттук өзгөчөлүктөрүн ачып берүүдө, атактуу педагогдор [2,3,5] үч аспектисин белгилеген ишмердиктин, баарлашуунун, өзүн-өзү аңдап билүүнүн өнүгүүсүнүн өзгөчөлүктөрүнө токтололу.

*Ишмердик*. Кыргыз элинде жаш балдарды эмгекке тарбиялоо аркылуу баланы эрте жашынан үйдөгү ишерди жасай билүүгө көнүктүргөн салт калыптанганы жана ал азыр дагы кеңири колдонулары белгилүү. Кыргыз элинде баланы тарбиялоо үй-бүлөдө балага жашоо үчүн зарыл болгон турмуш-тиричиликтин негизин түзгөн турмуштук көндүмдөрдү үйрөтүүдөн башталат. Алсак, кыздар идиш жууп, балдар мал кароо (чөп салуу, сугаруу, отун алуу, от жагуу) ж.б.у.с. иштерди аткаруу аркылуу турмуш-тиричиликтин сырларына үйрөнүшөт. Кыргыз үй-бүлөсүндө инсанды эмгекке эрте үйрөтөрүн белгилөөгө болот.

Айылдарда жаш балдар 6-7 жашынан үйдө ар кандай жумуштарга аралаша башташат десек, жаңылышпайбыз. Базар мамилеси эмгекке болгон мамилени өзгөрттү. Жакырчылыктын айынан көптөгөн сөөгү ката элек 13-14 жаштагы балдар өз үй-бүлөлөрүн багууга кол кабыш кылуу үчүн базарда араба түртүп жүрүшөт.

Кыргыз үй-бүлөсүндө баарлашуунун өнүгүүсү жөнүндө сөз кылсак, кыргыз элинин тарбиялоо салтында баарлашуунун (сөздүн) ролу чоң. Эл арасында сөздү өз орду менен сүйлөө адептүүлүктүн, тарбиялангандыктын көрсөткүчү, накта белгиси болуп эсептелинген. Адамдын сүйлөгөнүнө карап гана ал адамга баа берилген. Бөтөн адамдын алдында өзүн токтоо кармоо, сөздү орду-орду менен салмактуу сүйлөө кыргыз элинде чоң баалуулук болуп саналат. Кыргыз элинде балдарды сөзгө үйрөтүү боюнча өзүнчө эле билимдердин, көндүмдөрдүн чоң тутуму жаратылгандыгы көрүнөт. Ошондуктан баарлашуу адебин бала үй-бүлөдө өздөштүрөт. Ата-энелер, жакын туугандар ж.б. үй-бүлөдө дасторкон четинде баарлашуусу балдарды тарбиялоонун чоң фактору болуп саналат.

Жыйынтыктап айтканда, кыргыз үй-бүлөсүндө өзүн-өзү аңдап билүүнүн өнүгүүсү, адамдын өз элине мүнөздүү болгон психологиялык өзгөчөлүктөргө ээ болуусу өзүн-өзү аңдап билүүнүн өнүгүүсү, калыптануусу менен тыгыз байланышта болуш керек. Бул процесс, өзгөчө, үй-бүлөдө ишке ашат.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан долбоор катары сунуш кылынган расмий документте (Кыргыз Республикасында үй-бүлөлүк каада-салттарды, үрп-адаттарды, ырым-жырымдарды жана майрамдык салтанаттарды тартипке келтирүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын Мыйзамы) мындай аныктама берилет: “Каада-салт – улуттук атуулга баалуу тарыхый ата-мурас адамдык асыл сапаттарды жана руханий ыймандык, адеп-ахлактык, уят-абийирдик, ар-намыстык жүрүм-турумдук чыныгы адамдык маңыздарын ыйгаруучу элдик, улуттук жашоо-турмуштун салт-санаалык маанидеги маданий дөөлөттөрдүн жыйындысы. Каада – адамдын урмат-сыйга, кадыр-баркка татыктуу көрүнүшү.”

Окумуштуу И.Г.Гердер: «Каада-салт - тил менен маданияттын элеси» деп белгилесе, ал эми А.К.Кон: «Салт дегенибиз – улут ичиндеги үрп-адаттардын өсүп-жетилген ар түрдүү формасы» - деп баяндайт [6].

*Салт деген эмне?* Салт – бул элдин тарыхына мүнөздүү жашоо-эрежелерин өз ичине камтыган эң жогорку мыйзам. Башкача айтканда, элдин илгертен берки ырым-жырымын, үрп-адатын, каадасын, жашоодогу эреже-жоболорун өз ичине камтыган кол тийгис ыйык мыйзамы. Аны бузуу мүмкүн эмес. Эгерде кыргыз мамлекетинде акыркы эле он сегиз жылдын ичинде Конституция жети жолу кайра жазылып, эки жолу оңдолуп-толукталып басылса, кыргыз элинин салты кылымдар бою эч ким тарабынан эч кандай өзгөрүүсүз эле жашап келет.

Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө: «Салт – жалпы көпчүлүк үчүн өнөкөт болуп калган адат, жүрүш-туруш тартиби» деп жазылат, ал эми экинчи түшүнүк «үйрөнүп калган көндүм, өнөкөт, көнүмүш» деп аталат. Улуттук таалим-тарбиядан туруктуу орун алган «адат» арабдын «адат» (туруктуу, орун алган) деген сөзүнөн алынып, ал элдин социалдык, психологиялык, маданияттуулук, дүйнө таанымдык жагдайына байланыштуу калыптанган жалпы көрүнүш [5].

*Үрп-адат* – коомдун же өзүнчө коомдук топтордун жашоо турмушундагы дин ишенимине жараша үй-бүлөлүк шарттарында муундан-муунга өтүүчү ата-мурастык кылык-жоруктарынын, пейил-адаттарынын укуктук, нарк-насилдик нормаларынын жыйындысы.

Белгилүү француз социологу Э.Дюркгейм адат адамдардын коомдон даяр түрдө ала турган, өздөрүнүн тартиптерин жөнгө салып жана иретке келтире турган, аны бузган

адамды жазага тарта турган жана эрежелерди сактоого жардам берүүчү курал деп эсептейт [7]. Бул жерде адат белгилүү бир эрежени кармоого багыттоочу тартип, социалдык бирдикти калыптандыруунун куралы жана уюткусу катарында каралат. Каада-салт ар кимдин жеке башына байланыштуу эмес, ал социалдык-психологиялык, маданий, турмуштук, жалпы элдик көрүнүш. Берилген түшүнүккө таянып каада-салт:

- улуттук мүнөздө болот;
- элдик маданияттын өтө маанилүү бир бөлүгү;
- кылымдар бою жыйналып, сакталып жана муундан-муунга берилип келе жаткан өзгөчө куралы деген тыянак чыгарсак болот.

Каада-салттар да туруктуу көрүнүш, адамдар ортосундагы карым-катнашты, мамилени, улуттун шартын, жашоо-жагдайын, тиричиликти иреттеп турат. Элдик тажрыйбада эчен кылымдар бою сынактан өткөн каада-салттар өзүнчө өзгөчөлүктөрү жана жетишкендиктери менен айырмаланат.

Ошондуктан үй-бүлөлүк тарбия педагогиканын өзөктөш бөлүгү (элдик педагогиканын тажрыйбасы көрсөткөндөй), анын негизи да болуп саналат [8]. Мындан тарбия жергиликтүү улуттук салттарга негизделип, туура ой жүгүртүүгө ылайыкталгандыгын көрөбүз. Үй-бүлөлүк тарбияда өздүк, үй-бүлөлүк осуяттар кыйла маанилүү, б. а., салт боюнча ата-бабалардан келе жаткан өнөкөттөр чоң ата менен чоң энелерден ата-энелерге, алардын эже-карындаштарына, сиңдилерине, ага-инилерине, акырында алардын балдарына, неберелерине жана чөбөрөлөрүнө өтөт.

Мектеп жашындагы окуучуларды каада-салттар жана үрп-адаттар аркылуу тарбиялоонун педагогикалык процессин карайлы. Биздин жеке ишенимибизде, педагогикалык мындай процесс, башкача айтканда, балдарды каада-салттар жана үрп-адаттар аркылуу тарбиялоонун педагогикалык процесси өзүнүн ички структурасы боюнча мына буларды камтышы керек: мектептеги тарбия иштеринин жалпы педагогикалык жана методикалык системасынын мазмуну жана формасы; тарбиялоонун методдору менен каражаттарынын бүтүндөй системасынын ошол мугалимдер менен тарбиячылар тарабынан кылдат өздөштүрүлүшү; тарбия иштеринин максаттуу жүргүзүлүшүнүн формаларынын аныкталышы; каада-салт, үрп-адаттар аркылуу тарбиялоонун ар түрдүү моделдерин реализациялоонун жана алардын долбоорлорунун үлгүлөрүн, методдорун иштеп чыгууда мугалимдер менен ата-энелердин биргелешкен иш-аракеттери; мугалимдер менен ата-энелер тарабынан окуучуларын элдик каада-салт, үрп-адаттар аркылуу тарбиялоодо өздөрүнүн инсандык-кесиптик жактан калыптанганынын, өнүгүшүнүн абалы; педагогикалык иш-аракеттердин билгичтик менен натыйжалуу пайдалануусу.

Албетте, булар ар бир мугалим менен ата-энелердин кыйла татаал түйшүктөрдү талап кылары белгилүү. Педагогикалык жана методикалык иш-аракеттер өз ичине эмнелерди камтышы керек? Баарынан мурда, педагогдун профессионалдык компетенттүүлүгү жогорку деңгээлде болушу жана "тарбиячынын өзүнүн тарбиялуу болушу", анын элдик каада-салт, үрп-адаттар менен кеңири түшүнүгүнүн болушу талап кылынат. Мындан сырткары, методдор менен формалар, каражаттар бүтүндөй бирдиктүү система катары каада-салт менен үрп-адаттардын нукура элдик тарбиянын калыптанып келе жаткан системасына таянат. Буга ылайык, мугалимдер менен ата-энелер таасир этүүнүн жана тарбиялоонун педагогикалык да, элдик да ыкмаларын, формалары менен каражаттарын максаттуу, билгичтик менен жүргүзүүсүн талап кылат.

Ошентип, мектеп курагындагы балдарга элдик каада-салттар менен үрп-адаттар аркылуу тарбия берүүнүн педагогикалык түйшүктүү, бир жагынан, экинчи жагынан, абдан эле кызыктуу процесси андай тарбияны жүргүзүп жаткан мугалимге да, ата-энеге да, андай тарбиянын субъектиси болгон балага да, ал эми объектиси болгон элдик каада-салт, үрп-адаттардын өзү да, этнопедагогикалык жоболорго кылдат таянылышын талап кылган

процесс.

Азыркы коомдо үй-бүлөлүк жана коомдук тарбия бири-бирине каршы келбейт да, ар бири өз өзгөчөлүгүнө жана артыкчылыктарга ээ болуп, бирин бири толуктоо менен өсүп келе жаткан адамдын инсанынын калыптануу процессин байытат.Үй-бүлөлүк жана коомдук тарбиянын айкалышы балдардын ар тараптуу жана гармониялуу өсүшүнө көбүрөөк көмөк берет.

Жыйынтыктап айтканда, балдардын үй-бүлөдө жүрүм-турумдук нормалары жакшы калыптанса, окууган чөйрөсүндө баланын чыгармачылыгы канчалык жогору болсо, анын өнүгүүсү да ошончолук натыйжалуу болот.

Адабияттар:

1. Акматалиев А. Кыргыздын көөнөрбөс дөөлөттөрү. – Б., 2000. – 348 б.
2. Алимбеков А. Кыргыз этнопедагогикасы. – Б.: Алтын тамыр, 1997. – 62 б.
3. Асипова Н.А. Научно-педагогические основы формирования культуры межнационального общения школьников: Автореф. дисс... док. пед. наук: 13.00.01 / Н. А. Асипова. – Алматы., 1998.
4. Байгазиев С. Кыргыз Республикасынын жарандарын, жаш муундарын рухий-адептик, патриоттук жактан тарбиялоо концепциясы. // Кутбилим. 2010, 20-август.
5. Бекбоев И. Кыргыз педагогикасы – кыргыз улутунун жүзү. – Б., 2010. – 262 б.
6. Дюркгейм Э.О. Разделение общественного труда. / Дюркгейм Э.О. – Одесса, 1990. - 86 с.
7. Рахимова М.Р., Панкова Т.В., Калдыбаева А.Т. Педагогикалык ойлордун жана билим берүүнүн тарыхы. – Бишкек, 2002. – 208-214 б.
8. Рысбаев С.К., Каранов Т. Кыргыз элдик таалим–тарбия принциптери жана методдору. - Б., 2007. – 88 б.